**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

________________________№________ Бишкек ш.

## “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын типтүү жоболорун бекитүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 “Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде администрациялык-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгына ылайык, пилоттук режимде жүргүзүлгөн административдик-аймактык реформанын алкагында кайра уюштурулган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өтүүдө методикалык жардам көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө Жобону жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1.Төмөнкүлөр бекитилсин:

- айылдык кеңештин убактылуу типтүү жобосу, 1-тиркемеге ылайык;
- айыл өкмөтүнүн убактылуу типтүү жобосу, 2-тиркемеге ылайык;
- шаардык кеңештин убактылуу типтүү жобосу, 3-тиркемеге ылайык;
- шаардын мэриясынын убактылуу типтүү жобосу, 4-тиркемеге ылайык.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ушул типтүү жоболордун негизинде тиешелүү жоболорду иштеп чыгуу, өзүнүн чечими менен бекитүү жана юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда каттоодо сунушталсын.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну координациялоо жана колдоо бөлүмү ушул буйрукту төмөнкүлөргө жиберсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү жоболорду иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн;

- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине, Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга маалымат үчүн.

4. Агенттиктин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын координациялоо жана колдоо бөлүмү, аймактык бөлүнүштөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алардын юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өтүүсүнө усулдук жардам көрсөтүшсүн.

5. Аппараттын ишин уюштуруучулук камсыздоо башкармалыгынын финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү ушул буйрукту Агенттиктин расмий сайтына жайгаштырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун басары Э.Н. Иргебаевге жүктөлсүн.

**Директор** **К.Б. Базарбаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК
КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ
ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ
БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК
АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ
СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_________________________№________ Бишкек ш.

**«Об утверждении Временных типовых положений органов местного самоуправления»**

В соответствии с Указом Президента Кыргызской Республики «О проведении административно-территориальной реформы в пилотном режиме на уровне айылных аймаков и городов Кыргызской Республики» от 29 декабря 2023 года № 370, в целях оказания методической помощи реорганизованным органам местного самоуправления в прохождении государственной регистрации юридического лица в рамках административно-территориальной реформы в пилотном режиме, руководствуясь Положением о Государственном агентстве по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 258, **приказываю:**

1.Утвердить:

- Временное типовое положение об айылном кенеше (приложение – 1);
- Временное типовое положение об айыл окмоту (приложение – 2);
- Временное типовое положение о городском кенеше (приложение – 3);
- Временное типовое положение о мэрии города (приложение – 4).

2. Рекомендовать органам местного самоуправления на основе настоящих типовых положений разработать соответствующие положения, утвердить своим решением и представить для регистрации уполномоченному государственному органу по вопросам государственной регистрации юридических лиц.

3. Отделу координации и поддержки органов местного самоуправления направить настоящий приказ:

- органам местного самоуправления для разработки и утверждения соответствующих положений;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики, Министерству юстиции Кыргызской Республики, Аппаратам полномочных представителей Президента Кыргызской Республики и местным государственным администрациям для сведения.

4. Отделу координации и поддержки органов местного самоуправления, территориальным подразделениям Агентства оказать методическую помощь органам местного самоуправления в вопросе прохождения государственной регистрации как юридического лица.

5. Отделу финансового и административного обеспечения управления организационного обеспечения деятельности аппарата разместить настоящий приказ на официальном сайте Агентства.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Иргебаева Э.Н.

**Директор** **К.Б. Базарбаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН